**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК
ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**

**Б. ЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ,
АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 07.21.628 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

**Кол жазма укугунда**
**УДК 392.51 (575.2)**

**ТАШАЛИЕВА МУКАРАМ МУРЗАКУЛОВНА**

# ПАМИР ӨРӨӨНҮНДӨГҮ КЫРГЫЗДАРДЫН ҮЙЛӨНҮҮ ТОЮ САЛТЫ

(XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)

**07.00.07 - Этнография, этнология жана антропология**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип
алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферати**

**Бишкек -2021**

**Диссертациялык иш Кыргыз-Өзбек университетинин тарых жана философия кафедрасында аткарылды**

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Асанканов Абылабек Асанканович** тарых илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын мүчө корреспондентти |
| **Расмий оппоненттер:** | **Кайыпов Сулайман Турдиевич** тарых илимдеринин доктору, профессор |
| | **Абдалиева Гульзада Кошоевна** тарых илимдерин кандидаты И.Арабаев атындагы КМУнун алдындагы М.Рахимова атындагы Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институту |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети "Тарых" кафедрасы Дареги: Жалал-Абад ш., Ленин көч.,157 |

Диссертациялык иш 2021-жылдын 6-май саат 15:00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.21.628 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек шаары., Чүй , 265а.

Диссертация менен Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын китепканасынан жана www.csnaskr.jet.kg сайтынан таанышууга болот.

Дареги: Бишкек шаары., Чүй көчөсү., 265а

Автореферат 2021-жылдын 5-апрелинен таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы тарых илимдерини кандидаты, ага илимий кызматкер** **Жапаров А.З.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Ар бир элдин салттуу маданиятын үйрөнүү жыл өткөн сайын татаал жана түшүнүүгө жеңил эмес болууда. Дүйнөдөгү ааламдашуу жана илимий-техникалык жүрүм элдердин маданиятындагы жана жүрүм-турумундагы, үй-бүлөлүк салт-санааны бирдейликке алып барып, өзгөчөлүктөр убакыт өткөн сайын жоюлуп бараткандыгы байкалууда. Салттык жана заманбап көрүнүштөрдүн ортосундагы чек барган сайын билинбей баратат, анткени элдердин маданияттарынын баштапкы абалдарын элдин социалдык - маданий өнүгүшү кийинки маданий формалардын катмарын өзгөрттү жана дагы эле олуттуу өзгөртүүлөрүн киргизүүдө.

Этнологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, Кыргызстандын аймагынан тышкары жашаган кыргыздардын (Кытай, Ооганстан, Өзбекстан, Тажикстан ж.б.) арасында материалдык жана руханий маданияттын салттуу этностук өзгөчөлүктөрү көбүрөөк сакталып келет, ошол эле мезгилде ал өзгөчөлүктөрдүн айрымдары Кыргызстанда жашаган кыргыздардын арасында жоюлуп калган. Чет жактагы жашаган кыргыздардын маданиятын, турмуш-тиричилигин, чарбасын изилдөө жалпы эле кыргыздардын этностук тарыхын жана маданиятын ар тараптан жана терең изилдөөгө жардам берет.

Тажикстан Республикасынын чыгыш жагында жайгашкан Тоолуу-Бадахшан автономиялуу облусунуна караштуу Мургаб району, бийик тоолуу, климаттык шарты өтө татаал, деңиз деңгээлинен 4700 метрден жогору бийиктикте орун алган, “Сары-Кол’’ деп аталган өрөөндө обочолонуп жашап калгандыктын салыштырмалуу өзгөчөлүктөр бар.

Бул илимий изилдөө XIX к. аягы - XX к. башындагы Памир (Сары-Кол) кыргыздарынын үйлөнүү тоюндагы үрп-адатын жана салт-санааларын тереңдетип изилдөөгө арналды.

Үйлөнүү салтын изилдөө кыргыздардын салттык турмуш-тиричилик маданиятындагы үй-бүлөлүк, никелик мамилелердин өнүгүүсүн изилдөөдө баалуу тарыхый булак болуп берет.

Үй-бүлөдөгү көрүнүштөр салттуу турмуш-тиричиликтиктин консервативдүү чөйрөсү болуп эсептелет. Айрым ырым-жырымдардын өзгөрүп жатканына карабастан, үй-бүлөлүк салт-санаа эволюциялык жаңылануунун таасири астында ушул кезге чейин өзүнүн өзгөчөлөнгөн этностук мүнөздөрүн сактап келүүдө.

Мургаб районунда жашаган 15 миңден ашык кыргыздардын салттуу маданиятын ар тараптан этнологиялык изилдөө зарыл. XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы Чыгыш Памир (Сары-Кол) өрөөнүндө жашаган кыргыздардын салттык үйлөнүү тою ушул күнгө чейин атайын этнологиялык

изилдөөнүн обьектиси болбогондугу дагы теманын актуалдуулугун көрсөтүп турат.

**Диссертациянын илимий программалар жана негизги илимий изилдөөчүлүк иштер менен байланышы.** Диссертациялык иш Кыргыз-Өзбек университетинин тарых жана философия кафедрасында аткарылган демилгелүү иш болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты*:*** XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы Чыгыш Памирде (Сары-Кол азыркы Мургаб өрөөнү) жашаган кыргыздардын салттуу үйлөнүү тоюн изилдөө.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлду жана аткарылды:

- Сары-Колдук кыргыздардын үй-бүлө курууга жана алардын никеге турууга даярдануусун ачып көрсөтүү;
- кудалашуунун жана жубай тандоонун формаларын изилдөө;
- үйлөнүү тойдун жүрүшүндөгү каада-салттарды аныктоо;
- колуктунун үйүндө өтүүчү тойдун жүрүшүн жана андагы ырым-жырымдарды көрсөтүү;
- үйлөнүү тойдо сыйга коюлуучу тамак-аштарды жана кийилүүчү кийимдерди изилдөө;
- колуктунун келген жериндеги тойду жана андан кийинки жаш үй-бүлөгө тиешелүү каада - салттарды ачып көрсөтүү.

Автор өзүнүн изилдөөсүндө Памир (Чыгыш Памир) өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү той салтын терең жана ар таптан көргөзүү үчүн, көрсөтүлгөн темадан кеңири карап, үйлөнүү тоюна чейинки кудалашуунун формаларын, тойдон кийинки ар кандай тыюуларга жана ырым-жырымдарга токтолууну туура көрдү. Себеби, бул кошумчалар сары-колдук кыргыздардын салттуу үйлөнүү тоюн толук жана кенен ачып берүүгө жардам берет.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыктары.**

- Бийик тоолуу, жаратылыштык-климаттык шарты катаал, кыргыз элинин негизги массасынан оолак жашаган жана алар менен ар тараптуу байланыштары салыштырмалуу солгун болгон Сары-Кол өрөөнүндөгү кыргыздардын XIX к. аягы - XX к. башындагы үйлөнүү тою жана андагы салттар, жөрөлгөлөрү өзүнчө жана атайын алгачкы жолу изилденди. Эң алгач ата-энелер өздөрүнүн уул - кыздарына жубай тандоодо белдүү үй-бүлө, белгилүү урук, тектүү жер менен кудалашууга жана өздөрүнө туура келген социалдык катмардан күтүүгө аракет жасашкандыгы аныкталды.
- Кыз менен жигиттин ата-энелери тарабынан алдын ала түзүлгөн келишим жана макулдашуу боюнча жүргүзүлгөн кудалашуунун түрдүү формалары: *“белдеги кудалоо’’, “бешик кетти’’, “баш байлоо’’, “кудалашып коюу’’*, *“куда түшүү”* ачып көрсөтүлдү.

Калың берүү жана аны алуу салттуу үй-бүлө курууда мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон. Калыңдын өлчөмү, түрлөрү жана анын аныкталышы келечектеги кудалардын соцалдык-экономикалык абалына жараша болуп, негизинен мал түрүндө берилгендиги ачыкталды.

- Эң алгачкылардан болуп тойго даярдык көрүү, кудалашуунун түрлөрү: кудалап коюу жана расмий кудалашуу ачып көрсөтүлдү.

- Колуктунун үйүндөгү тойдун өзгөчөлүгү, андагы *«туз татым», «курджун», «тогуз табак», «кайнене чыкпас», «сырга салды», «чач сылаар», «жээн табак», «кемпир өлдү»* жана башка жөрөлгөлөр алгачкы жолу изилденди.

- Той учурундагы салттуу оюндар, дасторконго коюлган тамак-аштын түрлөрү жана алардын өз кезеги менен конокторго берилиши, күйөө бала, колукту жана ата-энелердин кийген кийимдеринин өзгөчөлүгү бийик тоолуу, жашоо шарты катаал жана мал чарбачылык көчмөн турмушка ыңгайлашканы ачыкталды.

Автор тарабынан кыз тойдун аягындагы кыз узатуудагы ырлар (кошоктор) эл оозунан жыйналды жана аларга сереп жасалды, эң алгачкы жолу илимий айлампага киргизилди. Той аяктап калгандагы ырым-жырымдар, келиндин барган жериндеги той жана тойдон кийинки өткөрүлгөн үрп-адаттар кеңири изилдөөгө алынды.

**Диссертациялык иштин илимий жана практикалык мааниси**. Изилдөөнүн жыйынтыктары жана жоболору жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн атайын лекциялардын курсун иштеп чыгууда жана илимий изилдөөлөрдө колдонушу мүмкүн. Ошондой эле диссертациянын илимий жыйынтыктары өлкөлөрдүн билим берүү жана илим министрлиги жана жогорку окуу жайлары үчүн илимий практикалык маалымат катары көмөк көрсөтө алат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- Сары-Колдо жашаган кыргыздардын үй-бүлө куруу жолу бирөө гана болгон. Ал - кудалашуу жолу. Жаштардын үй-бүлө куруусунда негизги роль ата-энелерге таандык болгон жана келечекте үй-бүлө кура турган жаш муундун өкүлдөрүнүн пикирлери, ой-максаттары кийинки орунда турган. Коомдун мүчөлөрү чарбалык турмушунда коңшулаш жайгашкан, социалдык-экономикалык абалдары туура келген, коомдо алган ордуна жараша мамилени бекемдөө жана башка максаттардын негизинде ата-энелердин ортосунда кудалашуу жүрүп турган.

- Үйлөнүү тойдо кудалашуунун “белдеги кудалоо’’, “бешик кетти’’, “баш байлоо’’, “кудалашуу’’ жана “куда түшүү” деген формалары болгон. Кудалашууда калыңдын өлчөмү, анын түрлөрү аныкталган жана ал ата-энелердин коомдогу алган ордуна, чарбасынын абалына жараша болгон. Башка аткарылуучу жөрөлгөлөр жана аларды аткаруу шарттары, ошондой

эле калыңдын мааниси болочок жаш жубайлардын материалдык жактан камсыздандыруу максатын көздөгөн.

- Тажикстандагы памирлик кыргыздарда негизги үйлөнүү той болочок келиндин үйүндө болуп, ар кандай салт-санаалар, үрп-адаттар менен коштолгон. Үйлөнүү тойдогу үрп-адаттар бекем сакталган салттарга кирип, ар кандай туруктуу ишенимдер жана аракеттер менен да бекемделген. Эки жаштын баш кошкондугун расмий далилдеген нике кыздын атасынын үйүндө кыйылган жана биринчи нике түн ушул жерде болгон.

- Сары-Кол кыргыздарынын үйлөнүү тоюндагы дасторконго коюлган тамак-аштын түрлөрү жана алардын өз кезеги менен той учурунда конокторго берилиши, жаштардын жана ата-энелердин кийген кийимдеринин өзгөчөлүгү бийик тоолуу, жашоо шарты катаал жана мал чарбачылык көчмөн турмушка ыңгайлашкан.

- Сары-Колдук кыргыздардын ичиндеги кудалашуунун салттуу формаларынын, каада-салттарынын, үрп-адаттарынын жана жөрөлгөлөрдүн бекем сакталып калышы алардын салыштырмалуу обочолонуп, бийик тоолуу жерде жашагандыгына, географиялык катаал шарты, курчап турган чөйрөсү, мал чарбачылыктан башка чарба жүргүзүүгө мүмкүндүк бербегендигине байланыштуу.

- Сары-Колдук кыргыздардын кудалашуу формалары, салттуу үйлөнүү тою жана андагы көп сандаган ар кандай үрп-адаттардын сакталып калышы Борбордук Азияда жашаган түрк тилдүү элдер менен тарыхый-генеалогиялык жана маданий жактан байланышта болгондугун далилдейт**.**

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:** Бул илимий иште автор эң алгачкылардан болуп өзүнүн жеке талаа этнологиялык экспедициялык материалдарынын негизинде, 2015-2018-жж. аралыгында Памир (Сары-Кол) кыргыздарынын арасында кошо жашап, алардын кылган иштерин, чарбасын, каада-салттарын сурамжылап, анын негизинде материалдарды топтоп, илимий изилдөө иш жазылды. XIX к. - аягы XX к. башындагы Сары-Кол (Чыгыш Памир) өрөөнүндө жашаган кыргыздардын үй-бүлө куруу салты, кудалашуунун формалары, тойго даярдыктар, тойдун жүрүшү, колуктунун үйүндөгү той, тойдо тамак-аш тарттуу каада-салттары, кийилүүчү кийимдер, келиндин келген жериндеги той жөрөлгөлөрү алгачкылардан болуп изилденди.

**Изилдөөчүнүн жыйынтыктарынын апробациясы:** Диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары Кыргыз Республикасында өткөн республикалык, эл аралык илимий конференцияларда жана семинарларда доклад катары баяндалган жана талкууланган.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы:** Диссертациялык иштин негизги жоболору илимий тезистер, макалалар катары ата мекендик жана чет элдик басылмаларда жалпысынан 12 макала, анын ичинде РИНЦ

системасына кирген 9, Web of Science системасына кирген 1 илимий макала журналдарда чыгарылган.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү.** Иш киришүүдөн, беш баптан, он параграфтан, корутундудан, колдонулган адабияттын тизмесинен, тамак-аштын, кийим-кечеге байланыштуу лексиканын жергиликтүү диалектидеги аталыштарынын сөздүгүнөн, автордун талаа материалынын тизмесине кирген этнографиялык иликтөө мезгилиндеги маалымат берүүчүлөрдүн тизмесинен, 300 минутадан ашык автордун видео этнографиялык тасмасынан, 500гө жакын этнографиялык фото материалынан жана 10дон ашык колдо тартылган сүрөттөрдөн, мамлекеттик органдарынын токтомунун көчүрмөсү жана карта камтыган тиркемелерден турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Кириш сөздө** теманын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси, коргоого сунушталуучу негизги жоболор, изилдөөчүнүн жеке салымы, иштин апробациясы, жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын тизмеси жана түзүмү чагылдырылган.

**“Сары-Колдогу (Чыгыш Памирдеги) кыргыздарды изилдөө тарыхы”** деп аталган I баптын 1-параграфында **Батыш жана Россия окумуштууларынын изилдөө тарыхы** (XIX к. аягы – XX к. башы) каралат. Чыгыш Памир (Сары-Кол) өрөөнүнүн тоолору, тарыхы, географиясы Батыш жана орус саякатчыларын кызыктырып келген жана алар Памир кыргыздарынын социалдык-экономикалык абалын, этностук курамын, физикалык географиясын, жаратылыш жана тарыхый шартын изилдешкен. Алардын эмгектеринде кыргыздардын орун алган жерлери, чарбасы, маданияты, салттык үйлөнүү үрп-адаттары абдан кыска чагылдырылган.

Чыгыш Памирди орус жана чет өлкөлүк саякатчылар, миссионерлер жана окумуштуулар изилдеген. Алсак, Марко Поло, Ф. Э. Янгхазбенд, Свен Гедин, П. Г. Бонвало, Г. Капю, Ф. Рокка жана орустун көрүнүктүү окумуштуулары: А. П. Федченко, И. В. Мушкетов, Н. А. Северцов, Д. Л. Иванов, Г. Е. Грумм-Гржимайло, Н. А. Аристов, Б. Л. Громбчевский, А. Г. Серебренников, А. Снесарев, Т. Ш. Путята, И. П. Минаев жана башка саякатчы-изилдөөчүлөр алгачкылардан болуп памирди изилдөө иштерине олуттуу салым кошушкан. Бул окумуштуулар памирдин географиясын, өсүмдүктөр дүйнөсүн, элдердин тилин, маданиятын изилдешкен.

Азыркыга чейин Чыгыш Памир кыргыздарынын бардык аймагын камтыган этнологиялык изилдөөлөр жетишсиз жана алардын турмуш-тиричилигин, маданиятын, үйлөнүү той, каада-салт, үрп-адаттарын терең изилдөө максатын койгон этнологиялык экспедициялар аз жүргүзүлгөн. Изилдөөлөрдө Чыгыш Памир кыргыздарынын руханий турмушу,

материалдык маданияты, турмуш-тиричилиги тууралуу маселелерге салыштырмалуу азыраак орун берилген.

Изилдөөнүн "**XX к. советтик, постсоветтик жана Батыш окумуштууларынын изилдөөлөрү"** I баптын 2-параграфында Совет мезгилиндеги эмгектерде көбүнчө элдин тарыхына, жаратылыш шартына, чарбасына көбүрөөк көңүл бурулган. Ошону менен бирге совет мезгилинде Памир кыргыздарын изилдөө аз болсо да алдыга жылган. Совет окумуштуулары жана археологдору изилдөөлөрдү жүргүзүшүп, үч жүздөн ашык тарыхый, археологиялык эстеликтер табылган. Натыйжада Чыгыш Памирде сактардын жашагандыгын, кийинчерээк Ооганстан, Чыгыш Иран, Түндүк Индияга чейин жетишкендигин аныкташкан. Советтик кыргыз тарых илиминде, анын ичинде этнографиялык эмгектерде Памир кыргыздарынын салттуу үйлөнүү тою жөнүндө толук маалымат жокко эсе. Алардын эмгектеринде элдин тамак-ашы, кийим-кечеси, кол өнөрчүлүгү, тойдогу жөрөлгөлөрү жөнүндө маалыматтар бар. XX кылымдын 20-80-жылдарында экспедициялык жана изилдөөчүлүк иштерин жүргүзгөн Н. А. Кисляков, А. К. Писарчик, С. М. Абрамзон, Б. Х. Кармышева, Э. М. Маанаев, Н. П. Лобачева, А. Жумагулов, А. Абышкаев, Б. М. Жумабаев, С. Т. Кайыпов жана башка авторлордун эмгектеринде Борбордук Азия элдеринин, анын ичинде кыргыздардын чарбасы, жашоо шарты, социалдык-экономикалык абалы, материалдык жана руханий маданияты жөнүндө да изилдөөлөрдү калтырышкан.

XXк. Батыш окумуштууларынын ичинен Реми Дор Ооганстанга караган Памир кыргыздарынын чарбасы, турмуш-тиричилигиндеги үрп-адаттарды ачып көрсөткөн. Америкалык антрополог Назиф Шахрани Ооган-Памир кыргыздарынын мал чарбачылыгы менен кесип кылгандыгын, өзгөчө топоз, эчки, кой, төөлөрдү кармагандыгын белгилейт. Үй-бүлө маселесине көп токтолгон эмес. Кытайлык окумуштуу, профессор Мамбетакун Мамбеттурду Синьцзяндагы Памир кыргыздарынын маданиятынын өнүгүшүнө, элдик оозеки чыгармаларына токтолгон. Профессор С. Т. Кайыпов Ван (Түркия) провинциясында жашаган Ооган- Памир кыргыздарынын тамактануу системасы, сүттөн жана эттен жасалган тамак-аштары, дан-эгин, мөмө-жемиш жана жашылчалары жөнүндө маанилүү маалыматтарды калтырган**.** Ал эми профессор А. А. Асанканов да Синьцзяндагы Памир кыргыздарынын материалдык, руханий маданиятына, этностун өзүн-өзү таануусуна токтолгон.

Изилденип жаткан аймакка байланыштуу изилдөөлөрдү коңшу тажик окумуштуулары да бир катар изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Акыркы эле жылдарда жаралган изилдөөлөрдүн катарын Б. И. Искандаров, М. М. Худоеров, М. Х. Пирумшоев, С. Н. Туйчиева жана башкалар толуктайт. Бул эмгектерде этномаданий жана этносаясий проблемалар,

памирдеги аялдардын кызыкчылыгын коргоо, гендердик теңдике жетишүүгө багытталган мамлекеттик чечимдерди карашкан.

**“Изилдөөнүн булактары, методологиясы жана методдору”-** деген II баптын 1- параграфы **– "Изилдөөнүн обьектиси, предмети”-** деп аталат**.** **Изилдөөнүн обьектиси:** XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы Чыгыш Памир (Сары-Кол) өрөөнүндө жашаган кыргыздардын салттуу үйлөнүү тою болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети**. Сары-Колдогу кыргыздардын салттуу үйлөнүү тою жана андагы никелешүүнүн формалары, үйлөнүү тойго даярдыктар, колуктунун үйүндөгү тойдун жүрүшү, үйлөнүү тоюнда дасторконго коюлуучу тамак-аштар жана келиндин келген жериндеги той жөрөлгөлөрү жана тойдон кийинки үрп-адаттар.

- Сары-Колдогу кыргыздардын салттуу үйлөнүү тою жана андагы кудалашуунун кеңири формалары - белдеги кудалоо, бешик кетти, баш байлоо, кудалашуу, куда түшүү изилдөөнүн негизги предметтеринин бири болуп эсептелет.

- салттуу үйлөнүү тойдун негизги бөлүктөрүнүн бири кудалашуу жана калың бычуу жүрүмү. Калыңдын өлчөмү жана аны төлөө шарттары, үйлөнүү тойго даярдыктар, үйлөнүү тойдун жүрүшү изилдөөнүн предметинин негизги бөлүгүнүн бири. Памирдеги кыргыздарда негизги үйлөнүү той болочок колуктунун үйүндө болуп, ага уруудан көп сандаган адамдар катышып, көптөгөн салт, үрп-адаттар менен коштолуп өтөт. Никеге бара жаткан жаштардын эң алгачкы нике түнү колуктунун ата-энесинин үйүндө болгон жана ал дагы көптөгөн үрп-адаттар менен коштолгон. Келиндин үйүндө никенин кыйылышы, нике түн кыздын үйүндө болушу жана ага байланыштуу памирлик кыргыздардагы калыптанган көптөгөн ырым-жырымдар да изилдөөнүн предмети болду.

- кыз көчүрүү адаты көптөгөн жөрөлгөлөр менен коштолгондугу да изилдөөнүн предметтеринин бири. Ата-энелер, тууган-туушкан тараптары тарабынан ар кандай каалоолорду камтыган өлөңдөр (кошоктор) айтылган жана анализденди.

- Сары-Кол кыргыздарынын үйлөнүү тоюнда дасторконго коюлуучу тамак-аштар, той учурундагы кийилүүчү кийимдер да изилдөөнүн предметтеринин бири болду. Сары-Кол кыргыздардын үйлөнүү той мезгилиндеги дасторконго коюлуучу тамак-аштары жана кийилүүчү кийимдери башка аймактарда жашаган кыргыздардан айырмаланып турган.

- үйлөнүү тойдун жыйынтыктоочу бөлүгү келиндин барган жериндеги той жана андагы ар кандай тыюулар жана салт-санаалар да изилденди.

- Сары-Колдук кыргыздардын үйлөнүү тойдон кийинки үрп-адаттарынын өзгөчөлүктөрү болуп эсептелген «сандык ачты», «кап ачты»

үрп-адаттары, «жүк жыйды» үрп-адатынын өткөрүлүшү, «чөмүч карматты» үрп-адаты, «кыз көрүү жөрөлгөсү», «кыз төркүлөтүү», «күйөө баланы жүгүнтүү» салты, «күйөө чакырды» жөрөлгөсү, «ата көрдү» салттары үй-бүлөдө ишенимдүүлүктү бекемдөөгө багытталгандыгы жана алардын Борбордук Азиянын башка элдериндеги окшоштук да изилдөөгө алынды.

**“Изилдөөнүн булактары, методологиясы жана методдору’’-** II баптын 2-параграфы. Изилдөөнүн негизги булагы болуп, автордун этнографиялык экспедицияларынын талаа материалдарынын натыйжалары түзөт**.** Изилдөөнүн булактары төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт:

**1-топ**: 2015-2018-жылдар аралыгында сары-колдо жашаган кыргыздардын арасында топтолгон талаа этнографиялык материалдары. Көрсөтүлгөн аймакка автор төрт жолу этнологиялык экспедиция уюштуруп, анын ар биринде 3-4 жумадан Сары-Кол өрөөнүндө жашаган кыргыздардын арасында чогуу жашап, сүрөткө, этнографиялык тасмага тартып, тойго катышып, дээрлик бардык аймактарда болуп, эл арасында сурамжылоо, аңгемелешүү, байкоо жүргүзүлдү**.** Жалпысынан 120 информатордон нарративдер чогултулду.

**2-топ:** Сары-Кол өрөөнүндө жашаган кыргыздардын демографиялык, статистикалык социалдык-экономикалык абалы жөнүндө материалдар, андагы айыл өкмөттөрүнүн жамааттарындагы отчеттордон алынды.

**3-топ:** Тажикстан Республикасынын Тоолуу-Бадахшан автономия облусунун Мургаб районуна караштуу айылдарды Кыргыз Республикасына өткөрүп берүү боюнча расмий токтом жана XIX кылымдагы Алай жана Памир жолун бириктирген топонимикалык карта да булак катары кирет.

**4-топ:** Мургаб өрөөнүндөгү 1939-1992-жж. аралыгындагы басма сөз маалыматтарынан тарыхый, демографиялык, этнографиялык, лингивистикалык, социалдык-экономикалык жана маданий өңүттөгү маалыматтар алынды. Басма сөз маалыматтарынын булактарынын бири катары Тажикстан Республикасынын Тоолуу Бадахшан автономия облусунда 1939-ж. декабрь айынан бери **“**Чыгыш-Памир” (1939-1950-жж.), латын тамгасы менен кыргыз тилинде жарык көргөн газета кеңири колдонулду. “Чыгыш-Памир” газетасы 1951-1955-жж “Сталинчи”, 1956-1991-жж. “Мургаб коммунисти”, 1992-жылдан бүгүнкү күнгө чейин “Сары-Кол” деген ат менен чыгып келе жатат.

**5-топ***:* Батыш жана Россия окумуштууларынын изилдөөлөрү (XIX к. аягы - XX к. башы) жана алар берген маалыматтар кирет. Чыгыш таануучулардын эмгектеринде кыргыздардын коомдук турмушу, географиялык шарттары, административдик башкаруусу, соода-сатык мамилелери, маданияты жана антропологиялык белгилери жөнүндө маанилүү маалыматтар бар.

**Изилдөөнүн методологиясы**: Бул изилдөөдө тарых жана этнология илимдеринде кеңири колдонулган тарыхыйлуулук методологиясы пайдаланылды. XIX к. аягындагы XX к. башындагы үй-бүлөдөгү ар тараптуу көрүнүштөр, үйлөнүү тоюндагы көптөгөн каада-салттар жана жөрөлгөлөр ошол мезгилдеги памирлик кыргыздардын социалдык-экономикалык, тарыхый өнүгүүсүнүн деңгээли менен тикеден-тике байланыштуу каралды.

Коюлган максатка жана милдеттерге жетүүдө объективтүүлүк методологиясы колдонулуп, ишке ашырылды. Бул методология негизинен памирлик кыргыздардын арасында жашап, өнүгүп келе жаткан жана маңызы ушул мезгилге чейин сакталып калган үй-бүлөдөгү ар кандай көрүнүштөрдү автор өз көзү менен көрүп, байкоо жүргүзүүнүн негизинде үйлөнүү үлпөт той салттарын калыбына келтирүүгө аракет кылды.

**Изилдөөнүн негизги методу** бул автордун этнографиялык талаа экспедициясын уюштуруп, Памирге ( Чыгыш Памирге) барып, элдин арасында болуп, үй-бүлөлөр менен кошо айлап жашап көзү менен көрүп, байкоолор жүргүзүлдү. Сары-Колдо жүздөн ашуун, негизинен орто жана улгайган адамдардан интервью алынды.

1. **Сурамжылоо (Интервью*)*** - 2015-2018-жж. Чыгыш Памир кыргыздарынын арасында жүргүзүлүп, Мургаб районун, Мургаб айыл-жамаатынан - 30, Аличор айыл-жамаатынан - 19, Кызыл-Рабат айыл-жамаатынан-35, Көөнө-Коргон айыл-жамаатынан-20 адамдан сурамжылоо жүргүзүлдү. Ошондой эле Алай районунун Сары-Могол айыл-өкмөтүнөн - 20 адамдан интервью алынып, жалпы 120 адамдан маалымат топтолду.

2. **Социалдык байкоо жүргүзүү**. Бул метод негизинен этнографиялык талаа экспедициянын учурунда, элдин арасында кошо жашап, тамактанып, аңгемелешүү учурунда болду.

3. **Тарыхый-салыштырмалуу (компаративный**) анализ аркылуу Тажикстан Республикасында жашаган тажиктер менен кыргыздар, өзбектер жана ошондой эле жалпы түрк тилдүү элдердин үйлөнүү үлпөт той салттары салыштырылып, анализге алынды.

4. **Контент-анализ** (термин XIX к. пайда болгон) методу Тажикстан Республикасындагы Памир аймагындагы сары-колдогу кыргыз тилинде жарыяланган райондук «Чыгыш Памир», «Сталинчи», «Мургаб коммунисти», учурда «Сары-Кол» аталган гезиттердин материалдары пайдаланылды. Илимий иште архивдик расмий документтер менен иштөө методу да кеңири колдонулду.

5. **Терминологиялык анализ методу** Чыгыш Памирдеги (Сары-Кол) айылдардын, тоо-суулардын ж.б. топономикалык аталыштары, диалектикалык сөздөргө жана терминдерге анализ берүүгө жардам берди.

6. Чыгыш Памир өрөөнүндөгү (Сары-Кол) кыргыздарынын үйлөнүү үлпөт тоюн илимий изилдөөгө алууда **визуалдык метод** да кеңири

колдонулду. Автор 300 минуталык этнографиялык видео тасма, 500дөн ашык фото сүрөт тартты. Мындан тышкары, колдо тартылган 10дон ашык көркөм сүрөттөрү бар. Алар диссертацияга тандалып өзүнчө тиркеме болуп коштолду. Авторго азыркы мезгилдеги (2018-ж.) памирлик кыргыздардын үйлөнүү тоюна катышууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Автордун тойго катышуусу жана визуалдык байкоо жүргүзүүсү XIX к.аягы - XX к. башындагы памирлик кыргыздардын салттуу тою менен азыркы мезгилдеги келечектеги келинди узатуунун (кыз тою) салт-санаасын салыштырууга мүмкүнчүлүк алды.

Изилдөөнүн **“Үйлөнүү тойго даярдыктар”-** деп аталган **“Кудалашуунун формалары”** III баптын 1- параграфында каралды. XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башында Сары-Кол өрөөнүндө жашаган кыргыздардын үй-бүлөлүк турмушунда патриархалдык түзүлүш үстөмдүк кылгандыктан, үй-бүлөнүн ээси ата болуп, ( балдар, ата-эне, чоң-ата, чоң-эне) бир атанын балдары деген биримдикти түзүшкөн. Андыктан кудалашуу жана никелешүү жүрүмүндө да атанын орду маанилүү болгон. Коомдо ата-энелер үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын коргоочу жана сактоочу болуп эсептелишкен.

Сары-Колдогу кыргыздардын үй-бүлө-никелик мамилелеринин өнүгүшүндө жана никелешүүдө тыюу салуулар бул чөлкөмдөгү кыргыздарда бекем сакталган. Эрежеге ылайык, бир уруктун өкүлдөрүнө никелешүүгө катуу тыюу салынган. Бул адатты бузууга эч кимге жол берилген эмес. Ошону менен бирге бир уруктагы кыздардын балдарына («эже-сиңдинин балдары») никелешүүгө уруксат берүү жүзөгө ашырылган. Сары-Колдук кыргыздарда “ ала качуу’’ никелешүүнүн формасы катары эч эсептелген эмес.

Кудалашуу эки тараптын макулдашуусунун негизинде гана болгон. Анын формалары: төрөлө элек балдарга куда түшүп коюу - «белдеги кудалоо», бешиктеги баланы кудалоо келишими «бешик кетти», жаш балдарга кудалашуу «баш байлоо», өспүрүмдөр үчүн «кудалашып кою», эрезеге жеткен балдарга кудалашуу «куда түшүү» болуп эсептелинет.

Кудалашуунун кандай гана формасы болбосун, жаш үй-бүлөнү куруу салт-санаасы эки тараптан тең калыптанып калган үрп-адаттарды толук аткарылышына болгон аракетин жасашкан. Бул сары-колдук кыргыздарда сөз жок аткарылуучу милдет катары кабыл алынган жана ага абдан жоопкерчиликтүү мамиле кылышкан. Жаңыдан баш кошуп жаткандардын андан аркы жакшы жашоосу үйлөнүү үрп-адаттарын туура жана иреттүү, жөрөлгөлөрдү так сактоо менен аткарууга да көз каранды болгон.

Азыркы мезгилде да кудалашуунун формалары кенен сакталып калган жана ата-энелери келишим түзүү учурунда берген анттарынан тайбаганга болгон аракетин жасашат. Эгер анттар бузулса, алардын ортосундагы мамилелер бузулат.

**“Үйлөнүү тоюна даярдыктар’’** III баптын 2-параграфында каралды. Үйлөнүү тойго даярдыктар көп убакытты жана көп сандаган элдик жөрөлгөлөрдү аткарууну талап кылган. Той күнүн белгилөө кыздын атасынын уруксаты менен болгон, анда «жооп-суроо» деп аталган жөрөлгө аткарылган.

Үйлөнүү тоюндагы каада-салттарды билүү жана үйрөнүү ар бир ата-эне, үй-бүлө мүчөлөрү үчүн эң маанилүү болгон. Анткени, келечектеги кудалардын тууган-уруктары менен таанышуусу, алардын ортосундагы жылуу мамилелердин пайда болушу, болочокто сый туугандашуунун жана ар кандай социалдык байланышынын өбөлгөлөрү болуп саналган. Кудалашуунун жүрүмүндө калыңды бычуу, анын көлөмүн, түрлөрүн аныктоо жана ал жөнүндө эки тараптын жалпы бир пикирге келүүсү тойго даярдануун эң маанилүү бөлүгү болуп эсептелет.

Калың жетишээрлик түрдө чоң өлчөмдө болсо, септин көлөмү да тиешелүү түрдө ушундай өлчөмдө болгон. Кызга берилген сеп көптөгөн ыңгайсыздыктардан куткарган жана септи үй-бүлөнүн социалдык-экономикалык жагдайына жараша беришкен. Калың бир жагынан септи даярдоодо материалдык негиз, экинчи жагынан күйөө баланын туугандары тарабынан жаш үй- бүлөнү материалдык жактан камсыздоо болгон. Үйлөнүү тойдун жүрүшүнө чейин эле, ар бир үй-бүлөнүн мүчөсүнө, анын жөндөмүнө, жашына, коомдо алган ордуна, жынысына жараша, алардын аткара турган милдеттери так аныкталган. Бөлүнгөн тапшырмасын ар ким так, жоопкерчиликтүү аткарууга аракеттенет. Тойго даярдык алыс, жакын тууган-урук келип, кыздын себин жана тойго керектүү болгон татымдарды даярдоодон турган. Үйлөнүү тойго чакыруу бардык тууган-урукка кабарчы аркылуу тойдон бир нече күн мурдараакта (6-12 күнгө чейин), кээде мындан да көп күн мурун айтылган.

Изилдөөнүн **“Үйлөнүү тойдун жүрүшү”** IV баптын 1- параграфында **“Колуктунун үйүндөгү той’’** каралды. Сары-Кол кыргыздарынын үйлөнүү тойдогу негизги үрп-адаттар колуктунун үйүндөгү тойдо өткөрүлөт. Тойго болгон даярдыктарга, тойдун жүрүшүнө, тамак-аш, кийим-кечесин даярдоого, колуктунун жана күйөө баланын үйүндөгү тойлорго үй-бүлө мүчөлөрү, тууган-уруктар, кошуналар абдан жигердүү катышышат.

Тойду өткөрүүдө эки тараптын тууган уруктун көп сандаган мүчөлөрү катышып, жардам көрсөтүшүп, кеңешип бири-бирине мейман достугун көрсөтүшкөн. Той колуктунун атасынын үйүндө өткөн, өзүнүн шаңдуулугу, түркүн жөрөлгөлөрдүн, ырым-жырымдардын арбындыгы, келиндин барган жериндеги тойдон айырмаланган. Андай айырмачылыктардын катарына «кайнене чыкпас», «улпак себүү» адаттары, «тогуз табак», «ооз жоолар», «көшөгө боо», «кызга кошок (өлөң) кошуу» ж.б.кирет. Келиндин үйүндөгү үйлөнүү салтанаты көптөгөн үрп адаттарга ээ болуп, ичине салтанаттуулукту

да, көптөгөн оюн-тамаша жана мелдештерден турган оюн-зоокту өзүнө камтыйт. Жаштарга нике келиндин үйүндө кыйылган. Биринчи нике түн кыздын үйүндө өткөрүлгөн. Күйөо бала бир канча күнгө чейин кыздын үйүндө жашаган. Андан кийин кыз узатуу өткөрүлүп, күйөө баланын үйүнө келиши менен тойдун негизги бөлүгү жыйынтыкталат.

**"Үйлөнүү тойго коюлуучу тамак-аштар жана кийилүүчү кийимдер"** IV баптын 2-параграфында каралды. Жашоо шарты катаал болгон сары-колдук кыргыздардын үйлөнүү тойдогу дасторкондун жайылышы жана тамак-аштын түрлөп берилиши, тойдун маанилүү маселелеринин бири. XIX к. аягы - XX к. баш ченинде памирлик кыргыздардын тамак-ашынын негизин сүт жана эт түзүп, бул азыктардан тамактын ар кандай түрлөрү жасалган. Памирлик кыргыздардын тамак-ашы көчмөн мал чарбачылыкка ыңгайланышып, сүт азыктары басымдуулук кылган. Дан азыктарынан тамак-ашка негизинен таруу менен арпаны көбүрөөк пайдаланышып, ал эми буудайды болсо сейрегирээк урунушкан, аны да Кашкар тараптан сатып алып келишкен. Памирликтер эң сыйлуу тамак-ашты кудаларга даярдашкан. Негизинен сый тамактардын курамына топоздун, койдун, эчкинин эти, нан, каттама, чий боорсок, чабаты, сары майдын түрлөрү жана башкалар кирген. Памир кыргыздарынын тамак-аш тизмегинде камырдан бышырылган токоч, боорсок, каттамалар жана май, каймак, сары май менен жасалган тамактын түрлөрү абдан көп. Жергиликтүү калктын бир гана мал чарбачылык менен оокат кылышы, албетте, алардын керектөөлөрүн толук канааттандырган эмес. Россияга кошулгандан кийин памирликтер коңшулаш Кашкар, Ооганстан, Бухара хандыгы, Фергана менен түзмө-түз соода мамилеси мурункуга караганда жигердүү боло баштаган.

Сары-Кол кыргыздары ундан түрдүү даамдарды жасап, тойлордо камыр салынган ысык тамактын түрлөрү менен азыктануу жагынан абдан бай этномаданий тажрыйбага ээ. Той учурунда тамактар ирети менен берилген. Алар сый конокторуна кой союп, анын этин келгендердин жаш курагына карай улуулата тартышкан. Бул салт азыркы күнгө чейин сакталып, өз маанисин жогото элек. Тойлордо эттен жасалган тамактарды жана эт тартуу менен конок узатууну бекем тартипте кармашкан. Жергиликтүү элде «Конок тойбодум дебейт, сойбоду дейт», «Эрдик кылып кой сойду, иттик кылып төш тартты» деген учкул сөздөр сакталып калган.

Сары-Колдуктар той маарекелерде бала менен колуктунун кийимдерине өтө көңүл бурушкан. Алардын жашоо шарты, чарба жүргүзүүсү элдин материалдык маданиятына чоң таасирин тийгизген. Кыргыз элинин кийимдеринин өзгөчөлүгү элдин калыптануу этностук тарыхы менен тыгыз байланышкан. Чарбачылык шарттары, жашоо-тиричиликтин ыңгайы, табигый жагдайлар, кыргыз элинин урууга бөлүнүшү, коңшу жашоо турмушунун тийгизген таасири болуп келген. XIX кылымдын аягында памирлик кыргыздардын кийим-кечелери, көчмөн турмуштун жана жашоо-

тиричиликтин өзгөчөлүгүнө ылайык кийген баш кийимдер жана бут кийимдер негизинен үйдө, колдо жасалган. Аларды даярдоодо жандык малдын ар кайсы терилери, жүндөрү, кийиздер жана башка чийки заттар колдонулган. XX кылымдын башында Орто Азияда жашаган элдердин кийимдери кадыр-баркына жараша бир топ айырмаланып турган.

Үйлөнүү тойдо колуктунун атайын кийимдери болгон, өзгөчө баш кийимдерине көңүл бурулган. Жаш келин тойдо каляк (элечектин памирлик формасы) кийүүсү памирлик кыргыздардын үйлөнүү тойдогу мыйзам ченемдүү көрүнүшү болгон. Каляк негизинен аялдар башына жети жолу ороп жүрүүчү баш кийим болуп эсептелет. Сары-Колдо каляктын көптөгөн түрү бар. Мургаб жергесинде кыздарды турмушка узатаарда көбүнчө каляктын *“өрдөк тумшук”* түрүн колдонушкан. Келинди бара турган жерине көчүрөрдө, башкача айтканда, үйдөн чыгарда калякты ороп, үстүнөн ак дүрия жоолук салып көчүрүшкөн.

Үйлөнүү тойдо күйөө колуктуга жылдын бардык мезгилине ылайыкташкан кийим түрүндөгү белек - «баш аяк сарпай» даярдоо милдетүү шарт болуп эсептелген. Анын курамына, жогоруда белгилеп өткөндөй, баш кийимден тартып бут кийимге чейинки көптөгөн түрлөрү кирген. Аялдардыкынан айырмаланып, эркектердин кийими үй-бүлөлүк абалды мүнөздөгөн эмес. Жасалгалуу кийинишкен кудалар жана туугандарынын арасынан күйөө бала дээрлик айырмаланбаган. Үйлөнүү той учурунда колуктуга жана анын той кийимине, айрыкча анын кийиминдеги бир эле мезгилде тумардын да ролун ойноочу оймо-чийме жасалгаларга негизги көңүл бурулган.

**“Келиндин келген жериндеги той жөрөлгөлөрү жана тойдон кийинки үрп-адаттар”** V баптын 1-параграфында **“Келиндин келген жериндеги той жөрөлгөлөрү’’** каралды. Келин келген жердеги «келин той» өткөрүүнүн башкы максаты жаңыдан баш кошкондорго барган жериндеги элден бата алып берүү болуп, аларды үй-бүлө очогуна кошууну билдирген.

Келин күйөө баланын ата-энесине жана катышып олтургандардын баарына терең ийилип жүгүнгөн. Анын жүзү жоолук менен жабылуу болуп, колдору көкүрөккө алынып турууга тийиш. Мунун өзү күйөө бала тараптын тууган-уруктарына карата сый-урматты билдирген. Колуктунун жүгүнүүсүнө аксакалдар жана кайын ата салт боюнча бакыт-таалай каалашкан.

Андан соң көптөгөн ырым-жырымдар өткөрүлүп, жаңыдан баш кошуп жаткандарга бактылуу, бардар турмуш каалоо менен жашы улуураак аял тарабынан бата берилген.

Көп балалуу, сый-урматтуу аял колуктунун колунан кармап, аны боз үйгө коштоп алып киргендиги колуктуга көп балдардын энеси болуу каалоосун түшүндүргөн, анткени изилденип жаткан мезгилдеги коомдо

кадыр-барк үй-бүлөнүн көп балалуулугу менен аныкталып, ошол себептен жаңыдан баш кошуп жаткандардын үйлөнүү тоюндагы ар бир үрп-адаттын жүрүшүндө жаңы үйлөнүп жаткандарга көп балалуу болуу каалоолору айтылган.

**“Үйлөнүү тоюнан кийинки өткөрүлгөн үрп-адаттар’’** V бап 2-параграфта каралды. Сары-Кол кыргыздарынын үйлөнүү үрп-адаттары ырааттуулугу жаңыдан үйлөнгөндөр жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан бекем сакталуучу бир катар тыюу салууларды жана качуу каадаларын өз ичине камтыган. Бул мезгилде жаштарга карата тыюу салуу жана качуу жөрөлгөлөрү күчөтүлөт. Адатта, тыюу салуу аркеттери жаштарды никелештирилген маалдан эле башталат. Ушул маалдан баштап алардын жүрүм-туруму коомдук көзөмөлгө алынып, жолугушууларына кескин чектөөлөр коюлат. Күйөө бала менен колукту бири-биринен качууга, коомчулук алдында бирге көрүнбөөгө тийиш болгон. Мындай тыюу салуулар бир азыраак өзгөртүүлөр менен тойдон кийин да улантылган: жаштар бири-бири менен бөтөн адамдардын көзүнчө кенен-кесир, эркин сүйлөшүүгө укуксуз болгон. Айрым учурларда мындай тыйымдар жаңыдан баш кошкондор эрезе жеткенге дейре же алар ата-энесинен бөлүнүп, өзүлөрү чарба жүргүзгөнгө чейин созулган. Тыюулар өз ара мүнөзгө ээ болуп, жаш жубайлар бири-бирине атын атап кайрылбаган. Тыюу салуу жана качуу үрп-адаттары жаштарга өзүн кармоону, токтоолукту, чыдамкайлыкты, сезимдерин кармана билүүчүлүктү үйрөткөн.

Сары-Кол кыргыздарынын үйлөнүү тойдон кийинки айрым үрп-адаттары, иликтөөдө келтирилген материалдар жана Борбордук Азиянын башка элдериндеги окшоштук кыргыздардын үйлөнүү үрп-адаттарынын башаты алардын этногенетикалык жана этностук тарыхы бир болгондугун далилдейт жана өзүнүн узак өнүгүүсүндө социалдык-экономикалык, тарыхый мүнөздөгү көптөгөн факторлордун таасири астында түрүн өзгөрткөндүгүнөн кабар берет.

## КОРУТУНДУ.

XIX к. аягы - XX к. башындагы сары-колдук кыргыздардын үй-бүлөсүндөгү үйлөнүү тою салты ошол мезгилдеги үй-бүлөлүк мамилелердин өзгөчөлүгүн гана чагылдырбастан, кандайдыр бир деңгээлде ошол мезгилдеги коомдогу социалдык мамилелерди көргөзөт. Үй-бүлөдөгү салттуу үрп-адаттуулук олуттуу туруктуулугу жана мурастуулугу менен өзгөчөлөнүп турат. Алардын үй-бүлөлүк салттуу үрп-адаттар жаатында көптөгөн өзгөчөлүктөр бар. Бул мезгилдеги Сары-Кол (Чыгыш Памир ) кыргыздарынын салттуу үй-бүлөлүк үрп-адаттуулугу абдан бай жана татаал болуп, алар жеке (же коомдук) жашоосундагы орчундуу орунду ээлеген.

Кыргыздардагы үй-бүлөнүн негизги формасы кандаш бир туугандардын бир нече муунунан турган чоң үй-бүлө болуп саналган. Ата-энелер жана алардын аял алган балдары менен неберелери чогуу турушкан. Коомдо ата-энелер үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын коргоочу жана сактоочу ролун аткарышкан жана патриархалдык уруулук коомдук иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү менен бирге эле үй-бүлөнүн коомдук милдетин да жүзөгө ашырган. Бул өз кезегинде үй-бүлөнүн бардык жагына таасирин тийгизген.

Сары-Колдо жаңы үй-бүлө куруу бир үй-бүлөнүн жеке иши же окуясы болгон эмес. Жаштарды баш коштуруу, жаңы үй-бүлөнү куруу жана аны коомго тартуу жалпы бир туугандардын, уруктун чоң окуясы болуп эсептелген. Ошондуктан, жаштарды баш коштуруу алардын никесин кыюу аркылуу жалаң гана жаңы жубайлардын тагдырын чечпестен, ата-энелер өздөрүнүн коомдогу ордун да бекемдөөгө аракет кылышкан. Болочоктогу келинди тандоодо ата-эненин ролу чоң болгон, ал эми жаштардын каалоосу экинчи орунга чыккан.

Бир уруктун мүчөлөрүнүн ортосунда никелешүүгө катуу тыюу салынган жана аны уруктун ар бир мүчөсү бекем аткарууга тийиш болгон. Никелешүүдөгү тыюу салуулар бул чөлкөмдөгү кыргыздарда ыйык жана бекем сакталган. Сары-Колдук кыргыздардын үй-бүлөлүк никелик байланышындагы маанилүү өзгөчөлүктөрдүн бири болуп, бир тууган эже-сиңдилердин балдарынын ортосундагы никелешүү эсептелип, андай никелер аталган аймакта өөн болгон эмес, тескеринче көп кездешкен жана мындайга кандайдыр бир деңгээлде артыкчылык берилген, ал турсун кубаттоого алынган.

XIX к. аягында - XX к. башында аталган аймакта көп аял алуучулук өзгөчө элдин бай катмарында кеңири жайылган жана коомчулук тарабынан жат кабылданбаган. Ага коомдун өнүгүшүү деңгээлин, диний жана башка социалдык абалдар таасирин тийгизип турган.

Сары-Колдо кудалашуунун түрдүү формалары болгон. Эң оболу, тараптардын ата-энелеринин алдын ала келишими боюнча түзүлгөн: төрөлө элек балдарды кудалаштыруу-«белдегини кудалоо», бешиктегилерге макулдашуу- «бешик кетти», жашы кичинелерди кудалоо- «баш байлоо», өспүрүмдөр үчүн «кудалашып коюу» жашы жеткендерди кудалоо -«куда түшүү» формалары кеңири жайылган. Келишимди түбөлүк кудалашууга ант берүү аркылуу бекитишкен жана кудалардын бири-бирине болгон мамилеси сыйлуу жана ыйык болгон.

Нике жашындагы балдардын ата-энелеринин ортосундагы алдын ала келишим күйөө баланын туугандарынын жана ата-энесинин бир нече жолку аракети аркылуу ишке ашырылган. Күйөө баланын туугандары кудалашуу үчүн биринчи жолу барганда, колуктунун ата-энеси тарабынан кескин баш тартуу болоору күтүлгөн.

Сары-Колдук кыргыздарда «ала качуу» никелешүүнүн формасы катары болгон эмес, ага катуу тыюу салынган. Уул үйлөп, кызды күйөөгө узатуу ата-энелердин өз ара макулдугу менен гана жүргүзүлгөн.

Сары-Кол кыргыздарында күйөө-колуктунун никеге чейинки жолугушуулары, «күйөөлөө» же «күйөөлөп баруу» жөрөлгөлөрү болгон эмес. Күйөө бала колуктусун үйлөнүү тойго чейин көрбөөгө тийиш болгон. Никелешүүгө чейин колуктуга күйөөнүн баруусу колдоого ээ болгон эмес жана бул жол берилгис жөрөлгө деп эсептелген.

Расмий кудалашуу: *«куда түшүү», «бата той»* (калыңдын өлчөмү жөнүндө келишим), *«сырга салуу»* жана аларга байланышкан жөрөлгөлөрдөн турган. Кудалашууну жаштарга бата берүү менен бекемдешип, андан соң кудалардын кийинки, калың бычуу жана той күнүн белгилөө жөнүндө сүйлөшүү үчүн келип-кетүү жагдайында макулдашышкан. Калың күйөө баланын ата-энесинин материалдык дараметине жараша берилген. Калың жөнүндө келишим түзүү жөрөлгөсүн бүтүрүү үчүн күйөө бала тараптан бир нече адамдар жөнөтүлүп, *«бата той»* уюштурулуп, калың өлчөмү макулдашылган. Калың эки бөлүктөн турган: күйөө баланын ата-энеси тараптан берилген мал жана жаш үй-бүлөнү материалдык жактан камсыздоо.

Сары-Кол кыргыздарында калыңдын өлчөмү кандай болсо, септин көлөмү да тиешелүү түрдө ошондой өлчөмдө болгон. Калың биринчи фактор, ал эми сеп андан келип чыгуучу көрүнүш. Сары-Колдо септи даярдоого калыңга караганда көп каражат талап кылынган. Жаңы үйлөнгөндөрдү материалдык жактан камсыздоонун негизги бөлүгүн колуктунун ата-энеси көтөрүп, ал эми күйөө баланын ата-энеси жаш үй-бүлөнүн андан аркы жашоосу үчүн жоопкерчиликти моюнга алышкан. Болочок колуктуну чоңойтуп, тарбиялап, чарба жүргүзүүнү, эң башкысы күйөөсүнө жар болууну, энелик милдеттерди үйрөткөн кыздын ата-энеси сеп катары белгилүү өлчөмдөгү материалдык каражат, малдын ар кандай түрү, кийим-кече жана башка белектерди беришкен.

Аталган чөлкөмдө тойго бир-эки күн калганда *«сурпа жайды»* жөрөлгөсү өткөрүлгөн, башкача айтканда тойго даярдык, тойго түрдүү бышырмаларды даярдоо башталган. Өзгөчөлүгү: тойго даярдык кол кабыш кылуу үчүн алыс - жакындан тууган - урук келип, кыздын себин даярдашкан жана тойго керектүү болгон татымдарды бышырышкан.

Үйлөнүү тойдун кийинки жөрөлгөсү - *«нике той», «нике кыйуу» «нике түн»* колуктунун атасынын үйүндө өткөрүлүп, анда *«курджун», «кайнене чыкпас», «тогуз табак», «сырга салды», «чач сылаар», «келин покчо», «күйөө жанчи», «күйөө баланын маңдайын тердетүү», «нике кыюу»* ж.б. көп салттык үрп-адаттар менен коштолгон.

Үйлөнүү салтанаттын өзү татаал үрп-адатка ээ болуп, ичине салттуулукту да, көптөгөн оюн-зоок, чоң тамаша мелдештерден турган «кыз

оюнду» камтыган. Үйлөнүү тойду татыктуу өткөрүш үчүн атайын элдик оюндар ойнолгон. Кыргыздардын үйлөнүү тойлору кыргыз жаштарына жаңы тааныштарды табуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүп берген. Тойдо элдик оозеки чыгармачылыктын жогорку үлгүсү болгон сүйүү жанрындагы ырлардан аткарышкан.

Негизги үйлөнүү той колуктунун атасынын үйүндө гана өткөрүлүп, андан кийин күйөө бала бир канча күнгө чейин кайнатанын үйүндө жашаган. Андан кийин «кыз узатуу» салты өткөрүлүп, кызды көчүрүп күйөө баланын үйүнө келишкен.

Чыгыш Памир кыргыздарынын тойдогу жана күнүмдүк жашоодогу тамак-ашы сүттөн, эттен, ундан жасалары алардын жашоо шарты жана чарбасы менен тыгыз байланышкандыгын тастыктайт. Сары-Кол кыргыздарынын үйлөнүү тойлорундагы тамак-аштын түрдүүлүгү, мол же аз коюлгандыгы ошол жерде жашаган элдин жакыр же болбосо байгер жашаганын билдирет, ошондой эле коңшу жашаган тажик элинин кээ бир тамак-ашка байланыштуу жөрөлгөлөрү менен окшоштугу көрүнөт.

Үйлөнүү тойдогу ар бир сый тамакка жаштардын бардар жана байгерчиликте жашоосун каалоого багытталган белгилүү бир салттар шайкештирилген. Үйлөнүү тойдун максаттарынын бири колукту менен күйөө баланын туугандарынын ортосундагы өз ара карым-катнашын, биримдигин, ырашкерлигин жана сый-урматын чыңдоо болуп эсептелет.

Чыгыш Памир кыргыздардын үйлөнүү тоюна атайын тойго арналган кийим- кечелер кийилген. Эң оболу, чач жасалгасы жана чачтын үстүндөгү «чач кап», «каляк», күйөөгө чыккан аялдын кийими жана күйөө баланын чапаны курактык жашын аныктоочусу деп эсептелген.

Элдик оозеки чыгармачылык жана фольклордук чыгармалардын кеңири колдонулушу сары-колдук кыргыздардын үйлөнүү үрп-адаттарындагы өзгөчөлүктөрдүн бири болуп эсептелет. Тойдо көп жанрдуу кыргыз фольклору: макал-лакаптар, каалоо айтуулар, алым-сабак, айтыш ырлары, кошок ырлары сыяктуу түрлөрү аткарылган. Аларда үйлөнүү үрп-адаттарынын маани - маңызы, негизги мазмуну баяндалган. Көптөгөн архаикалык үрп-адаттардын калдыктары менен байланышкан байыркы ишенимдер чагылдырылган, жүрүм-турум эрежелери жана нике укуктары белгиленген. Үйлөнүү той жөрөлгөсүндө көптөгөн үрп-адаттар бир нече ирет кайталанган: алардын бири ата-энелери тарабынан жаштарга жакшы каалоо-тилектерди айтып, бата берүү болгон.

Үйлөнүү той үрп-адаттарынан кийинки салттар жана жөрөлгөлөр бөлүмү жаңыдан баш кошкондорду жубайлык турмушка кирүүсүнө жана никелешкен тараптардын биримдигин бекемдөөгө арналган. Бирок жаш келин, үй-бүлөлүк турмуштун жүрүшүндө күйөөсүнүн ата-энесинин ысымдарын айтууга тыюу салынган. Убактылуу тыюу салууларга качуу үрп-

адаты кирип, ал жаштарды туугандары үй-бүлө очогуна кошкондон кийин токтотулган. Туугандардын айрым мүчөлөрү, мисалы күйөөсүнүн андан жашы кичүү туугандары менен келиндин ортосунда өзгөчө деле тыюу салуулар болгон эмес. Бирок, келин менен анын күйөөсүнүн жашы улуу туугандарынын ортосунда качуу үрп-адаты катуу сакталган. Тыюу салуулар өз ара мамилелерде жөнөкөй болууга, улууну урматтоого барып такалып, бул белгилүү деңгээлде сары-колдук кыргыздардын салттуу жүрүм-турум эрежесин калыптандырган.

Чыгыш Памир кыргыздарынын үйлөнүү тоюнан кийин ар кандай салттуу жөрөлгөлөр аткарылган. Мисалга алсак: *«сандык ачты»* үрп-адаты. Бул жөрөлгө күйөө баланын туугандары жана алардын кошуналары үчүн атайын даярдалып, алар келиндин кандай үй-бүлөдөн экенин билүүгө тийиш болушкан; *«жүк жыйды», «чөмүч карматты»* жөрөлгөлөрү аркылуу жаш келин өз кайненесинен ашкана жумуштарын аткарууга макулдук алган; *«күйөө баланы жүгүнтүү»* - күйөө бала колуктусун жакшы тарбиялап өстүргөнү үчүн жеңеге жүгүнүп ызаат көрсөткөн; *«күйөө чакырды»* - күйөө баланы колуктусунун ата-энесинин үйүнө күйөө бала катары расмий чакырылуусу; *«ата көрдү»* - колуктунун жакын туугандарынын жаш үй-бүлөнүн ата-энесинин үйүнө баруусу.

Сары-Колдук кыргыздардын үйлөнүү тартиби жүздөгөн жылдар бою коңшу элдер менен тыгыз өз ара байланышта өнүккөн. Кыргыздардын үйлөнүү тоюндагы ар кандай салт-санаалардан Борбордук Азиянын түрк тилдүү башка элдердин тойлорунда болгон окшоштуктарды көрсө болот. Үйлөнүү жөрөлгөлөрүндөгү окшоштуктар жана үрп-адаттарды өткөрүүдөгү түз жана кыйыр окшоштуктар Борбордук Азия аймагындагы аталган элдер менен болгон жалпы этногенетикалык байланыштар жана жалпы тарыхый тагдырлар менен түшүндүрүлөт.

Изилденген мезгилдин (XIX к. аягы - XX к. башы) аралыгында сары-колдук кыргыздардын үйлөнүү үрп-адаттарындагы өзгөрүүлөр салттуу үрп-адаттардын сакталуу шартында өтүп, алар түрүн өзгөртүп, бирок жаңылары менен жанаша жашашкан.

Ошентип, Сары-Кол кыргыздарынын үйлөнүү үрп-адаттуулугу - бул узак тарыхый өнүгүүнүн агымында калыптанган салттык-турмуш-тиричиликтик, элдик маданияттын туруктуу формасы. Анын өнүгүүсүндө мыйзам ченемдүүлүк жана түрк тилдүү башка элдер менен болгон этногенетикалык туугандык байланышы байкалып турат. Өнүгүп жана улам көптөгөн жаңыланууну өзүнө тынымсыз сиңирүү аркылуу өзгөрүлгөн социалдык-тарыхый шарттардагы азыркы үйлөнүү тойлорунда салттуу үйлөнүү үрп-адаттарынын негиздери катары сакталып калды.

**Практикалык сунуштар берилет:**

1. Тажикстан Республикасынын аймагында жашаган этникалык кыргыздардын салттуу үйлөнүү тою кыргыз элинин рухий маданиятынын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Чыгыш Памир кыргыздарынын салттуу тоюнун жагымдуу жактарын жаштарга тарбиялык мааниси бар жана аларды жайылтуу зарыл.

2. Чыгыш Памир кыргыздарынын сакталып калган салттары жалпы кыргыз элинин маданиятын изилдөөнүн баалуу булагы катары кызмат кылат жана аларды окуу китептерине киргизүү абзел.

3. Чет жердеги этникалык кыргыздарда салттуулук күчтүү сакталгандыгын көрсөтүү менен жалпы эле кыргыздардын руханий маданиятынын баалуулуктарын жайылтуу зарыл.

4. Сары-Кол кыргыздарынын үйлөнүү жөрөлгөлөрү коңшу түрк тилдүү элдер жана тажик эли менен жалпылыктарын салыштырып изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет ошондой эле Борбордук Азиянын элдерине окутуу зарыл.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөндөгү басылмаларда чагылдырылган:**

1. *Ташалиева М.М.* Мургаб кыргыздары [Текст] / Ташалиева М. // Кыргызстан жана Борбордук Азия баарлашуунун мейкиндиги: Этностор аралык мамилелерди бекемдөөнүн өтмүшү, учуру жана келечеги: Кыргыз Республикасынын УИАсынын мүчө корреспондентти, тарых илимдеринин доктору профессор А.Асанкановдун 60 жылдыгына арналган Кыргызстандын этнологдору менен антропологдорунун II Конгрессинин [Бишкек шаары, 2015-жылдын 4-апр.] баяндамалары жана илимий макалалар жыйнагы // жоопту ред. А.Р.Бикбулатова.- Бишкек, 2016.-226-229 б.

2. *Ташалиева М.М.* Тажикстандык кыргыздар Мургаб мисалында. [Текст] // Ташалиева М. // Язык и литература в поликультурном пространстве: // Бирск, 2015.-110-115 б.

3. *Ташалиева М.М.* Мургаб кыргыздарынын үйлөнүү үлпөт салты [Текст] // Ташалиева М. // Ош мамлекеттик университетинин ЖАРЧЫСЫ. Атайын чыгарылыш: / ISSN 1694-7452. Ош. 2017.-273-276 б.

4. *Ташалиева М.М.* Кудалашуу салтындагы жөрөлгөлөр. [Текст] // Ташалиева М. // (Мургаб чөлкөмүнүн мисалында XIXк. аягы - XXк. башы): Республиканский научно-теоретический журнал. Известия ВУЗов Кыргызстана. / №12, 2018. Бишкек. -2018- 100-105 б.

5. *Ташалиева М.М.* Памир кыргыздарынын кудалашуу салтынын өзгөчөлүктөрү. [Текст] / Ташалиева М. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. / №12, 2018. Бишкек. -2018. -118-121б.

6. *Ташалиева М.М.* Традиция, проводы невесты мургабских кыргызов: [Текст] // Ташалиева М. // Наука образование техника. // ISSN 1694-5220. Бишкек.- №3-2018. 14-22 с.

7. *Ташалиева М.М.* Традиция после проводов невесты на примере Мургабских кыргызов: [Текст] / Ташалиева М. // Наука образование техника. // ISSN 1694-5220. Бишкек.-№3-2018. 5-14 с.

8. *Ташалиева М.М.* Үйлөнүү тойдогу салттуу кийимдер. (Мургаб кыргыздарынын мисалында XIXк. аягы XX-к. башы): [Текст] // Ташалиева М. // ВЕСТНИК Кыргызско-Российского Славянского университета: // Том 19, №6. - Бишкек. 2019.-117-121б.

9. *Ташалиева М.М.* Памир (Сары-Кол) кыргыздарынын үйлөнүү тойго коюлуучу салттуу тамак-ашы. (XIXк. аягы - XXк. башы): [Текст] // Ташалиева М. // ВЕСТНИК Кыргызско-Российского Славянского университета: // Том 19, №6. - Бишкек. 2019.-122-126 б.

10. *Ташалиева М.М* Свадьба Сары-Колских кыргызов: [Текс ] // Ташалиева //Teoreticeskaa I prikladnaa nauka //Theoretical & Applied Science // Philadelphia, USA. № 01(81) 2020.-663-669 с.

11. *Ташалиева М.М.* История изучения восточно – памирских кыргызов (вторая половина XIX в ). [Текс ] // Ташалиева //Teoreticeskaa I prikladnaa nauka //Theoretical & Applied Science // Philadelphia, USA. № 01(81) 2020.-667-669 с.

12. *Tashalieva M.* // Traditional Kyrgyz Carpet Weaving Process and Semantics of Related Customs // *Advances in Anthropology,* (2021) *11,68-75.*

**Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын «Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты ( XIXк. аягы - XXк. башы )» 07.00.07. Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**


**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр**: Памир, Сары-Кол, Мургаб, үй-бүлө, каада-салт, үрп-адат, үйлөнүү той, нике, жөрөлгөлөр, кудалашуу.

**Изилдөөнүн максаты***:* XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы Чыгыш Памирде (Сары-Кол-азыркы Мургаб өрөөнү) жашаган кыргыздардын салттуу үйлөнүү тоюн изилдөө.

**Изилдөөнүн обьектиси:** XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы Памир (Сары-Кол) өрөөнүндө жашаган кыргыздардын салттуу үйлөнүү тою болуп эсептелет. Тажикстан Республикасынын бийик тоолуу Чыгыш Памир (Сары-Кол) өрөөнүндө өздөрүнүн тарыхый мекенинен обочолонуп жашаган кыргыздарды изилдөө болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети**. Сары-Колдогу кыргыздардын салттуу үйлөнүү тою жана андагы никелешүүнүн формалары, үйлөнүү тойго даярдыктар, колуктунун үйүндөгү тойдун жүрүшү, үйлөнүү тоюнда дасторконго коюулуучу тамак-аштар жана келиндин келген жериндеги той жөрөлгөлөрү жана тойдон кийинки үрп-адаттар.

**Диссертациянын илимий программалар жана негизги илимий изилдөөчүлүк иштер менен байланышы.** Диссертациялык иш Кыргыз - Өзбек университетинин Тарых жана философия кафедрасында аткарылган демилгелүү иш.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыктары.** Бийик тоолуу, географиялык абалы, жашоо шарты катаал, кыргыз элинин негизги массасынан оолак жашаган жана алар менен ар тараптуу байланыштары салыштырмалуу солгун болгон Сары-Кол өрөөнүндө жашап келе жаткан кыргыздардын XIX к. аягы - XX к. башындагы үйлөнүү тою, андагы салттары, жөрөлгөлөрү өзүнчө жана атайын алгачкы жолу изилденди.

**Изилдөөнүн методологиясы**: Бул изилдөөдө тарых жана этнология илимдеринде кеңири колдонулган тарыхыйлуулук методологиясы пайдаланылды. XIX к. аягындагы XX к. башындагы үй-бүлөдөгү ар тараптуу көрүнүштөр, үйлөнүү тоюндагы көптөгөн каада-салттар жана жөрөлгөлөр ошол мезгилдеги памирлик кыргыздардын социалдык-экономикалык, тарыхый өнүгүүсүнүн деңгээли менен тикеден-тике байланыштуу каралды.

Коюлган максатка жана милдеттерге жетүүдө объективдүүлүк методологиясы колдонулуп, ишке ашырылды. Бул методологиялык багыттарды колдонуу сары-колдук кыргыздардын этникалык тарыхый өнүгүшүндөгү өзгөчөлүктөрдүн мазмунун ачып көрсөтүүгө мүмкүндүк берди.

**Диссертациялык иштин илимий жана практикалык мааниси**. Изилдөөнүн жыйынтыктары жана жоболору жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн атайын лекциялардын курсун иштеп чыгууда жана илимий изилдөөлөрдө колдонушу мүмкүн. Ошондой эле диссертациянын илимий жыйынтыктары өлкөлөрдүн билим берүү жана илим министрлиги менен жогорку окуу жайлары үчүн илимий практикалык маалымат катары көмөк көрсөтө алат.


**РЕЗЮМЕ**

**диссертационного исследования Ташалиевой Мукарам Мурзакуловны на тему «Свадебные традиции кыргызов Памирской долины (конец XIX – начало XX вв.)» на соискание учёной степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.07 – Этнография, этнология и антропология.**

**Ключевые слова:** Памир, Сары-Кол, Мургаб, семья, традиции-обычаи, обряды-ритуалы, свадьба, брак, церемония, сватовство.

**Цель исследования.** Исследовать традиционную свадьбу кыргызов таджикистанской части Восточного Памира (Сары-Кол – Мургабская долина) конца XIX – начала XX веков.

**Объектом исследования** является традиционная свадьба кыргызов, проживающих в Восточном Памире (долина Сары-Кол) в конце XIX – начале XX веков. Исследование кыргызов, проживающих в высокогорном Восточном Памире (Сары-Кол) Республики Таджикистан, живущих изолированно, вдали от своей исторической родины.

**Предмет исследования.** Традиционная свадьба кыргызов Сары-Кола, а также формы сватовства, приготовления к свадьбе, свадебное торжество в доме невесты, свадебные угощения и блюда, свадебная церемония по прибытии невесты в дом жениха и послесвадебные обычаи.

**Связь диссертации с научными программами и основной научный исследовательской работой.** Диссертационная работа выполнена на кафедре «История и философия» Кыргызско-Узбекского университета и является инициативной работой.

**Научная новизна полученных результатов.** Впервые и специально исследована традиционная свадьба и связанные с ней обычаи и церемонии кыргызов, проживающих в высокогорных, суровых географических условиях, вдали от основной массы кыргызского народа, со сравнительно слабыми всесторонними связями в конце XIX – начале XX веков.

**Методология исследования.** В данном исследовании использовался метод историзма, широко применяемый в исторической и этнологической науках. Многие аспекты семьи, свадебные обычаи и ритуалы рассматривались в прямой связи с уровнем социально-экономического и исторического развития кыргызов Восточного Памира конца XIX - начала XX вв.

Для достижения цели и решения поставленных задач использовался метод объективности. Использование данных методологических направлений позволило раскрыть особенности этноисторического развития кыргызов Сары-Кола.

**Научная и практическая значимость диссертационной работы.**

Результаты и положения исследования могут быть использованы при разработке специальных лекций для студентов высших учебных заведений и в научных исследованиях. Научные результаты диссертации могут служить научной и практической информацией для Министерства образования и науки, а также высших учебных заведений страны.

## SUMMARY

of the dissertation by **Mukaram Murzakulovna Tashalieva** entitled **“The Wedding Traditions of Pamir Kyrgyz in the late 19th - early 20th Centuries”** for the degree of Candidate of Historical Sciences in the specialty of 07.00.07 – Ethnography, Ethnology and Anthropology (Bishkek, 2021)

**Key words:** Pamir, Sary-Qol, Murghab, family, customs, traditions, wedding, marriage, rituals, matchmaking, Kyrgyz of Tajikistan.

**Purpose of the research**: To study the features of the traditional wedding of the Kyrgyz living in the Tajikistan part of the Eastern Pamir (Sary-Qol, nowadays the Murghab valley) in the late 19th – early 20th centuries.

**Object of research:** Traditional wedding of Kyrgyz people living in the Pamir valley of Tajikistan (in Sary-Qol) in the late 19th – early 20th centuries. This traditional wedding of the Kyrgyz group of the specified time has not yet been the subject of special ethnological research.

**Subject of research:** the traditional Kyrgyz wedding in Sary-Qol and its forms of marriage, wedding preparations, wedding procession at the bride's house, food at the wedding feast, wedding ceremonies upon the arrival of the bride and post-wedding customs.

**The connection of the dissertation with scientific programs and the main scientific research work.** The dissertation work was carried out at the Department of History and Philosophy of the Kyrgyz-Uzbek University (Osh) and is an initiative research.

**The theoretical and methodological** basis of the study. The study used the methodological principles of historicity and objectivity, which are widely used in the historical and ethnological sciences.

To prepare a dissertation in ethnographic research, a combination of surveys, social observations, historical comparisons, content analysis, terminological analysis, visual and other methods were used.

The use of these methodological directions and methods made it possible to identify the features of the ethnic and historical development of the Kyrgyz people in Sary-Qol (Tajikistan).

**The scientific novelty of the research:** For the first time and specially investigated wedding ceremonies, forms of marriage and matchmaking of the Kyrgyz of the Sary-Qol valley, geographically located in the highlands. These groups of Kyrgyz, who do not have close ties with the bulk of the Kyrgyz, are especially different in rituals and have preserved their peculiar traditions and customs in the late 19th – early 20th centuries.

**The practical significance of the results:** The results of the study allow us to study in depth the peculiarities of the development of the culture of the corresponding group of the ethnos in the harsh, high-mountainous and difficult conditions, being isolated from the main part of the ethnos.

The study shows that, based on the example of the Pamir Kyrgyz, the spiritual and traditional culture of the Kyrgyz people as a whole has similarities, ethnogenetic ties and a common fate with the Turkic-speaking peoples living in Central Asia.

In-depth study, identification and preservation of folk wedding traditions as a key part of the intangible cultural heritage of the Kyrgyz people will positively affect its further enrichment.

The results of this research can be used to write generalized ethnographic textbooks for educational institutions, to prepare lectures for universities and to publish general works on the fate of the diaspora.

Басууга 03.04.2021-ж. кол коюлду
Өлчөмү 60x84 1/16. Көлөмү 1,5 б.т.
Офсет кагаз. Офсеттик басуу. Нускасы 50 экз.

«Сарыбаев Т.Т.» Ж.И.
Бишкек ш., Раззаков көч, 49
т. 0 708 058 368
e-mail: talant550@gmail.com